# Сырдуу белек



Автор: Мира Кокоева

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Сырдуу белек

Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сырдуу белек" (кыргыз тилинде), автору Мира Кокоева, сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Секретный подарок*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Майя мектептен келсе, үйгө байкеси конокко келиптир.

– Саламатсызбы, байке!

– О, Майя! Саламатсыңбы, кел дасторконго. Чоңоюп калган турбайсыңбы! – деди байкеси, аны чакырып жатып. Дасторкон четинде апасы, атасы жана чоң апасы да отурушкан. Алар өз иштери боюнча сүйлөшүп жатышты.

Майяга алардын сөздөрү кызыксыз болду, ошон үчүн улуулар менен бирге отургусу келген жок. Тынч отура албай койду. Ал телевизор көргүсү же комикс окугусу келип, бөлмөсүн көздөй жөнөдү.

– Сен каякка? – деп сурады апасы.

– Мен ...э…э….э, – деп кайсактады, – Сабактарымды жазышым керек, – деп, жөн эле айтып койду.

– Азаматсың! Мектептен келип эле, сабакка даярданууга отурасыңбы? Мен окуганда, мектептен келип эле, портфелимди ыргытып жиберип, футбол ойноого жөнөчүмүн. Сен мактоого жана белекке татыктуу турбайсыңбы! – деди байкеси.

"Эмне?! Бул чынбы? Мени белек күтүп турабы? Мүмкүн, акча болуп жүрбөсүн... Ырас болбодубу, акчам түгөнүп калган эле. Сонун!” – деп ойлоду Майя. Бирок анын оюн апасынын сөзү бузуп кетти.

– Жок, кереги жок, – деди апасы олуттуу түрдө, – Майя, сен чын эле, сабак даярдаган жатасыңбы?

– Ооба, – деди да, Майя өз бөлмөсүнө кетти. Апасы анын сырын жакшы билет да.

Майя сабакка отурду. Бирок байкем кандай белек берет деген ой жолтоо боло берди. Ошол күнү көп тапшырма берилген. Майя бардык күчүн даярданууга жумшады. Акыры, сабагын даярдап бүтүп, китеп-дептерлерин дыкаттык менен сумкасына салды. "Бул, балким, кол куушуруп отура бербей, жашоо үчүн эмгектенүү керек деген ушулбу”, – деп ойлоду Майя.



Майя кубанган боюнча, байкесине бардык тапшырмаларды аткарганын айтып мактанууга жана белек алууга чуркады. Барса, байкеси жок экен.

– Байкем кайда? – деди капаланып.

– Ал эчак кеткен. Издеп келишиптир – деп жооп берди апасы.

– Эмнеге тез кетип калды? – деп күбүрөндү Майя.

– Сен аны менен коштошоюн дедиң беле?

– Жо...о-к, ал мага белек убада кылган да... Үй тапшырмаларымды бекер эле аткардымбы? – деди Майя ыйлагысы келип.

– Ошондой болмок беле, Майя?! Белек алуу үчүн сабактарыңды окудуңбу?

– Ал мага убада берген да! – Майя ачуусу келип, кызарып кетти. Апасы башын чайкап, унчукпай калды. Апасына күндөгүдөй дасторкон үстүн жыйноого жардам берген жок. Таарынычы тарабады.

Эртеси сабакта бардык суроолорго так жооп берип, үй тапшырмасын толук аткарганын көрсөттү. Көп балдар аткарбай келишиптир. Мугалими аны балдардын астында аябай мактады. Майянын көңүлү көтөрүлүп, кубанып калды.
Ар дайым өз убагында тапшырманы аткарган жакшы турбайбы! Сабакта мугалим сурабаса экен деп жашынбай, коркпой отурарын ойлоду.





Сабактан кийин, Майя үйүнө шашты. Ал өзүнүн ийгиликтери менен мактангысы келди.


– Мен бүгүн үч “5” алдым, апа – деп Майя апасын кучактап өптү.

– Сен менин  акылдуу кызымсың! – деди апасы аны кучактап. – Кел, сен жакшы көргөн кулпунай пирогун жасайлы!

– Ура! – деп кубанганынан секирип жиберди Майя. – Мен жардам берем. Сабагымды даярдап келе калайын.


Эми Майя өз каалоосу менен көңүлдөнүп тапшырмаларды аткарып, апасына үй иштерине жардамдашт.
Анан чыдамсыздык менен эртеңки сабакты күтөт. Кызык, анын телевизор көрүү тууралуу ою жок болуп кетти, ал тургай, ага убактысы да болбоду.

Бир күнү Майя “Кыргызстандын өсүмдүктөр дүйнөсү” деген темада баяндама даярдады. Ал энциклопедиядан көп кызыктуу нерселерди таап жазды. Ар бир дарак тууралуу көп маалымат айтып берд.



Баяндама ийгиликтүү болуп, классташтары Майяга кол чабышты.

– Баары жакшы! Мен кандай акылдуумун! – деп өзүнө таң калып калды.



Кайсы бир күнү Майянын байкеси кайрадан үйгө конокко келип калды.

Биздин кызыбыз азыр жалаң ”5 ”менен окуп жатат! – деди апасы сыймыктанып.

– Оооо, Майя, чын эле белек алууга татыктуусуң! Айтчы, эмне каалайсың, сатып берейин! – деп сурады байкеси.

– Байке, мага эч нерсенин кереги жок. Ыракмат! Сиз мага эчак эле белек берип койгонсуз! – деди Майя уяңкырап.

– Качан бердим эле? – деди таң калган байкеси. Майя менен апасы бири-бирин карап күлүп калышты.

– Кандай белек эле? – деп атасы да кызыгып калды.

– Бул – жашыруун сыр, – деп апасы Майяга көзүн кысып, сөздү башкага бурду.

Майя  эртеңки сабакта да колун көтөрүп, бардык тапшырманы айтып берерин ойлоду. Анткени ал эртеңки сабактарын окуп, даярданып койгон.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Мира Кокоева
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли